КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 29-21/5

29-чакырылыштын 21-кезексиз сессиясы **19.08. 2026-ж**

“Чүй облусунун Сокулук районунун Жаңы-Пахта айыл аймагынын “Жаңы-Пахта айылдык кеңеши” мекемесин түзүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29 декабрындагы № 370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө” Жарлыгын, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облусунун, Сокулук районунун,Жаңы-Пахта айыл аймагынын «Жаңы-Пахта айылдык кеңеши» мекемеси түзүлсүн.
Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде – “Чүй облусунун, Сокулук районунун, Жаңы-Пахта айыл аймагынын, “Жаңы-Пахта айылдык кеңеши” мекемеси, кыскача аталышы: “Жаңы-Пахта а/к”.

- расмий тилде Учреждение “Жаны-Пахтинкский айыльный кенеш” Жаны-Пахтинского айыльного аймака, Сокулукского района, Чуйской области, сокращенное название: “Жаны-Пахтинский а/к”.

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Сокулук району, Жаңы-Жер айылы, Ленина көчөсү 2а

2.«Жаңы-Пахта айылдык кеңеши» мекемесинин Жобосу бекитилсин.

Жетекчиси: **Саитбеков Зиннурайн Мухторович,ПИН:23107199501353**

4. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

5. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

6. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жаңы-Пахта айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Жаныбек кызы Жибекке жүктөлсүн.

Жаңы-Пахта айылдык кеңешини төрагасы **Саитбеков З.М.**